*Уркалый кызы Айзада,*
*БГУ*

# СҮЙҮҮНҮН СИМВОЛУ АСТРА ГҮЛҮБҮ?

## *(З. Cооронбаеванын Астра гүлү повести боюнча)*

Зуура Сооронбаева Кыргыз Совет адабиятында андан кийинки эгемендүүлүк жылдарындагы адабиятыбыздын тарыхына карай урган болсок, башка дөө-шаа акын-жазуучулардай эле поэзияга болгон кызыгуусунун аркасында келип кирген. Буга «Менин айылым" (1960-ж.) деген ат менен жарык көргөн. Кийин «Достук" (1966-ж.) аттуу китептери таасын мисал боло алат. Бирок эң таңкалычтуу да кызыктуу да кырдаал катары адабияттын бир канча жанрында чыгармаларын жазып, алар коомчулук тарабынан өтө жылуу кабыл алынгандыгын айтса болот, тактап айтканда ар бир чыгармасы өз жанры боюнча ийгилик жарата алган. Бул ой пикиримди; Эл акыны Асан Жакшылыков, калемдешин кыргыз аялдарынын арасынан алгачкылардан суурулуп чыккан чебер калемгер катары эсептейт: Ал З. Сооронбаева каза болгондогу Азаттык радиосуна берген маегинде:

- *Зуура эже Кыргызстанда жазуучулардын экинчи мууну калыптанып жатканда адабият чөйрөсүнө келди. Биздин акын-жазуучу кыздарыбыздын төл башыларынын бири. Акын Нинакан Жүндүбаева эже менен замандаш. Бул эже адегенде чыгармачылыгын ырдан баштаган. Ыр жыйнактарын чыгарган. Адабиятта беллетристика дейбизби, мына ушул жанрда бир топ ийгиликтерге жетишти. "Астра гүлү", "Чоочун киши" романы элдин сүймөнчүлүгүнө арзыды. Ал поэзияда, прозада, драматургияда дагы бир топ үзүрлүү иштеди* деп эскерет. Ушул пикирлерден кийин З. Сооронбаеванын чыгармачылык жолу адабияттагы өз орду бар сыяктуу эле илимде дагы изилденип анализ жүргүзүлүүсү күндүн талабы деген тыянакка келдик . Себеби анын чыгармалары үч доордо жазылган, үч тарыхый кырдаалды чагылдырган улуу чыгармалар. Дегеним, Кеңеш элинин Улуу жеңишти колго алып турса да каржалган учурду чагылдырган ырлары, андан кийинки Совет доорунун гүлдөп өнүккөн учуру, андан кийинки эгемендүүлүктүн шарданасы менен жашаган турмуш. Тилекке каршы бүгүнкү күндө З. Сооронбаеванын чыгармачылыгынын илимий багыты ачылбай келет. Чыгармаларын изилдеп, иликтеп андагы өзгөчөлүктү көрсөтүп берүү бүгүнкү күндүн талабы. Мисалы, биз сөз кыла турган «Астра гүлү» повестинде Совет өкмөтүнүн гүлдөп, илим менен техника өнүгүп турган(ошол мезгилге салыштырмалуу берилди) учурду сүрөттөө менен улуу сүйүүнү даңазалаган чыгырма. Бир дем менен окуп, бир канча жыйынтык чыгарууга мүмкүн болгон чыгарма. Ал турсун улуттук каада - салттын эң сонун мисалдарын да көрүүгө болот, жана жагдайга жараша көр пенделик да эң сонун формада жазылып берилген. Сүйүүнүн түбөлүктүүлүгү ата-энеси зордоп күйөөгө берип экөө эки тарапта калган Сулайман менен Гүлкандын образында берилген. Гүлкан өз сүйүүсүндө жана өз жашоосунда эки гана нерсени пир тутуп жашады мунун бирөө Сулайман болсо, экинчиси Астра гүлдөрү. Ал эми Сапаш дагы эки нерсеге сыйынып жашады алар Гүлкан жана сүйүү. Тилекке каршы бактысыз сүйүү. Эмнеге бактысыз сүйүү деп жатсаныз Сулайман Гүлкан экөөнүн бир канча жыл өткөндөн кийинки алгачкы жолугуушусунда,Сулаймандын: «*Сапаш бактылуу адам экен»* деген оюна ал бактысыз деп жооп берип жатканын айта алабыз.

Эмнеси болсо да бактылуу жигит экен.

- *Жок , Сукен бактысыз.*

- *Эмне үчүн ?- ал жай карады.*

- *Алган жары ардактап сүйбөгөндөн кийин, жалгыз бир кишинин сүйгөнү жел учурган камгактай деп ойлойм. ...бирок сенчелик сүйбөйм.*(89-бет) Анда Сулайман эмнеге таянды деген суроо өзүнөн өзү жаралат ал сүйүүгө жана ал сүйүүнү тартуу кылган Гүлканга. Бул портреттер повесттин эң акыркы бөлүгүндө Сапаштын Аманбек тарабынан атылып, ооруканага түшкөн учурунан улам билинип, ачыкка чыгып отурат. Гүлкан күйөөсүн көргөнү келип бир кезде ата-энеси тарабынан каршылык көрүп, күч менен Сапашка күйөөгө берилгенден кийин өмүрлүк арманына айланган Сулайманды көрүп эстен танган эпизоддо даана берилип окурмандын көздөрүнө эрксизден жаш алдырып, андан кийинки экөөнүн сейил бакта жолугуп, астра гүлдөрүн бирге үзүп жатканынан көрүүгө болот. Ошндо эки сүйүшкөн адамдын түбөлүктүү, сыр болуп келген сырлары төмөнкү саптар аркылуу билинет: *«Эмне үчүн сүйлөбөйсүң?- көзүбүз көзүбүзгө кадалды.*

- *Көп өзгөрүп кетиптирсиң Сулайман.-ал мага мурдагыдан келбеттүү да,сүрдүү да, сулуу да болуп көрүндү.*

- *Сырт кебетем өзгөргөнү менен, жүрөгүм дагы эле сен деп согот.*

Ал эми астра гүлдөрү эмне үчүн сүйүүнүн символуна айланды? Себеби, Гүлкандын сүйүктүүсү Сулайман кыздын жаш баео сезимин дал ушул астра гүлдөрү аркылуу багынткан ошондуктан ал гүлдөр анын кубанычы да арманы да болуп калды. Кийин кайгырып турганда да кубанып турганда да азага салынган астра гүлдөр анын жарпын жазуучу каражатка айланды. Сулайман болсо сүйбөгөн адам менен баш кошуп жашоого аргасыз болду. Бирок анын да жүрөк түпкүрүндө дал ушул астра гүлдөрү жашаарын жогоруда мисал аркылуу берүүгө аркеттендик. Ал турсун арадан убакыт өтүп жолугушкан учурда дагы экөөнүн кош колдоп астра гүлүн үзүп жаткандыгын айтууга болот. Повестеги дагы бир таң калычтуу учур же жазуучунун чеберчилигин көрбөй кетүү мүмкүн эмес. Тагдыр сүйүшкөн эки жашты оорукананын дары жыттанган бөлмөлөрүндө жолуктуруп, сүйүү отун жандырып, кайрадан оорунун себеп кылып (Гүлкандын атасы ооруду деп жалган телеграмма

менен) ажыратып түбөлүктүү арманга салган болсо арадан убакытты өткөрүп дал кайра ушул ооруkана бөлмөлөрүндө жолуктуруп убактылуу бакытка балкытты. Ушул процести карап сүйүүнүн символу жалгыз гана роза гүлү эмес, ар бир адам өз критерийлерине жараша өз сүйүүсүнүн символун жасап алаарына ынанасың. Бирок эң эле өкүнүчтүүсү бул чыгармада сүйүү үч бурчтугу, бир эмес үч адамды бактысыз кылгандыгын, буга негизги себеп түркөй түшүнүк (Гүлкандын образында) жана канчалык илим-билимдүү болсо дагы адамдын чечкинсиз кадамы өзүн да өзгөнү да бактылуу кылы албастыгын, болгону жаратылыштын мыйзамдарына баш ийип жашоо керек экендигин (Сапаштын образында) көрсөтө алган. Ушул эң жөнөкөй, бирок эң маанилүү маселелер маселелрдин жашоодо ролунун чоң экендигин дагы көзгө сайып көрсөтүп берген. Бул жагынан алып карагнда ушул кичинекей повесть өз ичине романда болуусу керек болгон өзгөчөлүктөрдү катып тургансыйт. Алтургай чыгарманын окурмандар тарабынан өтө ылайктуу кабыл алынып, жазуучуга болуп көрбөгөндөй ийгилик алып келип, колдонколго өтүп окулуусунун себеби да ушунда болуп тургандай. Первый поэтический сборник издается в 1960 году. Огромную известность ей по всему Ала-Тоо принесла повесть «Астра гулу» в 1971 году. Бул кичинекей гана турмуштук кырдаал бир үй-бүлөнүн тагдыры үчүн чечилген маселе өңдүү көрүнгөнү менен бүтүндөй үч өмүрдү жанчып салган кырдаал. Бул чыгарманы окугандан кийин сүйүүнүн символун ар ким ар түрдүүчө өз акылтуюмуна жараша берет окшобойбу деген ой эрксизден кылт этти. Андыктан адам баласы жазылган сызылган мыйзамдын негизинде эмес көз мыйзамына жараша жашоого укутуубу?

***Адабияттар***


1. Астра гүлү, повесть , -Б., 2011.
2. http://www.azattyk.org/content/kyrgyzstan_literature_writer_zuura_sooronbaeva/24550307.html
3. http://www.ex.ua/81148305